**Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кезектеги жыйынынын №5 протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

2025-жылдын 19-декабры
Ош шаары, ЭМФ 2, 201-каана
Төрага – каф.башчысы Амиралиев С.М.
Катчы – Исаева М.А.
Катышкандар: 19
Келбегени: жок

**КҮН ТАРТИБИНДЕ:**

**6. Ар түрдүү маселелер**

2025-2026-окуу жылындагы "Заманбап окутуучу", "Заманбап СӨАИ чебери" конкурстарына кафедранын окутуучуларын сунуштоо.

**УГУЛДУ:**

**Кафедра башчысы ф.и.д., доц. С.Амиралиев** күн тартибинде каралуучу ар түрдүү маселедеги 2025-2026-окуу жылы үчүн "Заманбап окутуучу", "Заманбап СӨАИ чебери" конкурстардын өтүлүүсүн маалымдады жана бул боюнча кафедрадагы окутуучулардын ой-пикирлерин билдирүүлөрүн сунуштады.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Кафедранын усулдук кеңешинин төрайымы, ф.и.к., доцент А.Жороева:** – Университет тарабынан ар бир окуу жылында өтүлүүчү жогоруда аталган конкурстун "Заманбап окутуучу" багыты боюнча кафедранын окутуучусу Акбар кызы Эркайымды факультетке сунуштаймын. Эжеке тажрыйбалуу, усулдук мыкты даярдыгы бар. Муну өтүлгөн сабактарынан, студенттердин алган билимдеринин жыйынтыгынан көрсөк болот. Андыктан Акбар кызы Эркайымды сунуштаймын.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Улук окутуучу А.Маматова:** – "Заманбап СӨАИ чебери" боюнча кафедрадагы окутуучу Салиева Динараны сунуштаймын. Эжеке жаш болсо өтүлгөн сабактардын, студенттердин өз алдынча иштери боюнча мыкты жыйынтыктарды берип келүүдө. Чыгармачыл, өз алдынча көп изденген окутуучу катары аны аталган конкурска сунуштаймын.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Ф.и.к., доцент А.Жолдошева:** – Мен да Акбар кызы Эркайым жана Салиева Динара эжекелерди факультетке сунуштаймын. Алардын тажрыйбасы мол, усулдук чеберчилиги

жогору деп баалайм. Өтүлгөн ачык сабактары да жакшы деңгээлде өттү. Андыктан алардын талапкерлигин сунуштаймын.

Ушундай эле ой-пикирлерин башка бир топ окутуучулар да айтышты жана аталган окутуучулардын талапкерлигин колдошту.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен кафедранын отуруму төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Факультеттин "Заманбап окутуучу" конкурсуна Акбар кызы Эркайым жана "Заманбап СӨАИ чебери" конкурсуна Салиева Динара сунушталсын.

Төрага: Каф.башчысы Амиралиев С.М.

Катчы: Исаева М.А.

2025-жылдын 19-декабры